## Автор: Иманалиев Каныбек Капашович

## Композитор: Айтиев Акылбек Эсенович

### Мекеним Кыргызстан

Аскарым сен, асманым сен мекен-жер,
Ата-бабам сени тапкан кеменгер.
Жаным бирге ак калпактуу мекеним,
Тең келбестир бир өзүңө бөтөн жер.
Кайырма:
Үч кыл комуз дабышы,
Жүрөгүмдүн кагышы,
Кыргызымда сакталат,
Манас ата намысы.
Ата журт алгалай,
Өркүндөп-өсө бер,
Мекеним — Кыргызстан.
Башы мөңгү, этеги күн турагым,
Көрсөң бермет, ичсең шербет булагын.
Ала-Тоодон ай-ааламга жар салып,
Бүркүт шаңшыйт азаттыктын ураанын.
Кайырма:
Ак, боз үйлөр Ала-Тоого жарашып,
Алыс кетсем атыр жытын саматып.
Дүбүртүңдөн шаңдар аткан мекеним,
Дүңгүрөй бер дүйнө жүзүн каратып.
Кайырма: